# ЖЧК «Forester»

# БУЙРУК

№ 78/п

От 18.11.2024

**KG Жарык түстүн үнү» иш-чарасынын башталышына байланыштуу**

«Жарык түстүн үнү» иш-чарасынын башталышына байланыштуу (мындан ары – Иш чара деп аталат)

**Буйрук кыламын:**

Иш чара ачык оферта түрүндө төмөнкү шарттар менен бекитилсин:

1. Коомдук офертанын жарактуу мөөнөтү 2024-жылдын 26-ноябрынан 2025-жылдын 30-апрелине чейин (эки датаны тең кошо эсептегенде) же товарлар түгөнгөнгө чейин;

*Основание:* Коомдук оферта (бардык маанилүү шарттарды камтыган чекене сатып алуу-сатуу келишимин түзүүгө сунуш)

**Башкы директор** **Черепов А.А.**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

Подписал Черепов Александр

Идентификатор пользователя 1052

Directum RX – 27206

## Коомдук оферта

### (бардык маанилүү шарттарды камтыган чекене сатып алуу-сатуу келишимин түзүүгө сунуш)

**«Forester» («Форестер») ЖЧКсы** тамекини, тамеки өнүмдөрүн жана (же) никотинге көз карандылыкты дарылоочу препарат болуп саналбаган никотинди камтыган өндүрүмдү керектөөчү болуп саналган жана Товарды сатып алууга кызыкдар болгон, он сегиз жашка толгон аракетке жөндөмдүү жеке жакка жалпысынан «Forester» («Форестер») ЖЧКсы тарабынан аныкталган шарттарда өзгөртүүсүз төмөндөгү коомдук келишимди түзүүнү сунуштайт:

## КООМДУК КЕЛИШИМ

«Forester» («Форестер») ЖЧКсынын **ички соода объектилеринде** чекене сатып алуу-сатуу боюнча

### Киришүү

Ушул чекене сатып алуу-сатуу коомдук келишими (мындан ары - «Келишим») жогоруда аталган коомдук офертанын ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана төмөнкү эки Тараптын ортосундагы мамилелерге карата колдонулуучу жалпы жана негизги шарттарды аныктайт

(1) «Forester» («Форестер») ЖЧКсы, мындан ары «Сатуучу» деп аталат, **ЖАНА**

(2) Сатып алуучу: он сегиз жашка толгон, тамекини, тамеки өнүмдөрүн жана (же) никотинге көз карандылыкты дарылоочу препарат болуп саналбаган никотинди камтыган өндүрүмдү керектөөчү болуп саналган жана ушул Келишимде белгиленген ФМКнын шарттарында, мындай шарттарды өзгөртпөстөн Келишим түзүү сунушун (коомдук офертаны) кабыл алган аракетке жөндөмдүү жеке жак.

Тараптар бул Келишим Сатып алуучу менен Сатуучунун Товарды чекене сатып алуу-сатуу боюнча өз ара аракеттенүүсүнүн жалпы жана негизги шарттарын жөнгө салаарын таанышат. Товардын өзгөчөлүгүнө, аны сатып алуу ыкмасына жараша кошумча тактоочу шарттар болушу мүмкүн жана алар Сатып алуучу ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган, ушул Келишимде көрсөтүлгөн маалымат ресурстарына кайрылуу менен кошумча тааныша ала турган Сатуучунун өзүнчө буйруктарында, баа прейскуранттарында же башка документтеринде камтылышы мүмкүн.

### 1. Аныктамалар

1.1. **Сатып алуучу** аракетке жөндөмдүү жеке жак:

(1) он сегиз жашка толгон жана андан улуу курактагы;

(2) Товарды ички соода объектилеринде сатып алууну жүзөгө ашыруучу жак.

1.2. **Сатуучу** - «Forester» («Форестер») ЖЧКсы, төмөнкү дарек боюнча катталган жана жайгашкан:

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чокан Валиханов көч., 16-үй, Кыргыз Республикасынын (мындан ары - «КР») аймагында Товардын импорттоочусу жана сатуучусу, ошондой эле КРнын аймагында керектөөчүлөрдүн доомattарын кабыл алууга ыйгарым укуктуу уюм.

1.3. **Товар** - IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition электрдик тамеки ысытуу системасы (мындан ары текстте «Түзмөктөр» же өзүнчө «Түзмөк»), тамекини ысытуучу буюмдар, ошондой эле Сатуучу тарабынан Сатып алуучуга Сатуучунун прейскуранты боюнча Товарды көрсөтүү аркылуу, алардын үлгүлөрүн көрсөтүү же Товарлар жөнүндө маалымат берүү жолу менен белгилүү бир баада сатуу үчүн сунуш кылынган техникалык регламенттердин жана

стандартташтыруу боюнча ченемдик документтердин талаптарына жооп берген, Сатуучунун ички соода объектисинде Сатуучуга жеткиликтүү болгон ар кандай товарлар. Сатуучу тарабынан сатууга сунушталган Товарлардын тизмеси ал тарабынан бир тараптуу тартипте аныкталат.

1.4. **Тараптар** - бул Келишимдин текстинде Сатып алуучу жана Сатуучу чогуу айтылган учурда .

1.5. **Колдоо кызматы-** Сатуучунун Сатып алуучуларга Товарлар боюнча маалымат берүү үчүн жооптуу бөлүмү. Телефон номери: уюлдук телефон аркылуу терүү үчүн 1848 кыска номери.

1.6. **Акцепт** - Сатып алуучунун ушул Офертаны толугу менен жана шартсыз кабыл алуусу жана ушул Келишимде белгиленген тартипте Товардын акысын төлөө (анын ичинде жарым-жартылай алдын ала төлөө) аркылуу Келишимге кошулууга макулдугу.

1.7. **Сатуучунун Ички соода объектилери** - Товарларды чекене сатуу боюнча ишке ашырылган Бишкек шаарындагы соода түйүндөрү.

1.8. **Интернет-ресурс** - Сатуучунун Интернет желесиндеги дареги боюнча жеткиликтүү болгон интернет-ресурсу

www.iqos.com/kg.

## 2. Келишимдин предмети

2.1. Эгерде бул Келишим анын шарттарында белгиленген тартипте түзүлсө, Сатуучу Товарды ишкердик менен байланышпаган пайдалануу максаттары үчүн Сатып алуучунун менчигине берүүгө милдеттенет, ал эми Сатып алуучу Келишим түзүлгөн учурда Сатуучунун колдонуудагы болгон баалар прейскурантына жана ушул Келишимдин башка шарттарына, анын ичинде Сатуучунун буйругу менен белгиленген шарттарга ылайык Товардын акысын төлөйт жана кабыл алат. Сатуучунун баалар прейскуранты Сатуучунун Ички соода объектилеринде жайгаштырылган жана Сатып алуучуга жеткиликтүү.

2.2. Сатуу учурунда Сатуучу төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:

i) Товарлар он сегиз жаштан жогору жана тамеки өнүмдөрүн колдонууну улантууну каалаган тамеки чеккендерге арналган;
ii) ii) Сатуучу Товарларды эч качан тамеки чекпеген же тамекини таштагандарга сунуштабайт;
iii) Сатуучунун максаты он сегиз жашка толгон жана андан улуу курактагы, кандай болгон күндө да тамеки тартууну уланта турган ар бир тамеки тартуучуну IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition жана (же) IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition сыяктуу түтүнсүз өнүмдөргө өткөрүү. Сатуучу он сегиз жашка толгон жана андан улуу курактагы тамеки тартуучуларга Товарларга өтүү учурунда үйрөтүү, кеңеш берүү жана жеке презентацияларды өткөрүү аркылуу колдоо көрсөтүүгө даяр. Жеке презентациялар Сатуучунун Ички соода объектилеринин аймагында Сатуучунун мындай Ички соода объектилери үчүн белгиленген иш графигинин чегинде өткөрүлүшү мүмкүн;
iv) Товарларды колдонуу тамекини таштоого барабар эмес. Тамеки тартуу ден соолугуна зыян келтирет деп кооптонгон Керектөөчүлөр/Сатып алуучулар тамеки тартууну таптакыр токтотушу керек же таштаашы керек;
v) Товарлардын бардык артыкчылыктарын толук сезүү үчүн он сегиз жашка толгон жана андан улуу курактагы тамеки тартуучу адам сигареттен баш тартып, IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition сыяктуу түтүнсүз продукцияны гана колдонуусу керек. IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition

түзмөктөрүн колдонуу ден-соолукка келтирилген коркунучтарды жок кылбайт же сигаретке зыянсыз альтернатива болуп саналбайт, бирок сигарет тартууга караганда алда канча жакшыраак тандоо болуп саналат.

2.3. Сатып алуучуну сапаттуу тейлөө максатында, анын ичинде Товарды саткандан кийинки мезгилде, Сатуучу Сатып алуучуларга (он сегиз жашка толгон жана андан улуу курактагы тамеки тартуучуларга жана (же) тамекини, тамеки өнүмдөрүн жана (же) никотинге көз карандылыкты дарылоочу препарат болуп саналбаган никотинди камтыган өнүмдөрдүн керектөөчүлөрүнө) Ички соода объектилеринде жана/же Колдоо кызматы аркылуу Сатып алуучунун тандоосу боюнча Товар тууралуу маалымат же консультация берет.

2.4. Бул Келишимди түзүү менен Сатып алуучу төмөнкүлөрдү тастыктайт:

2.4.1. Ушул Келишим менен, атап айтканда ушул Келишимдин 2.2-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтар менен таанышкандыгын, ошондой эле Товарды сатып алуудан мурун ушул Келишимде каралган бир же бир нече жол менен Сатуучудан консультация алуу укугун ишке ашыра алгандыгын;

2.4.2. Товардын бардык касиеттери менен, Товарды пайдалануунун тартиби жана шарттары менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондугун жана таанышуу үчүн убакыт же шарттар менен чектелбегендигин;

2.4.3. Товарга карата да, ушул Келишимдин шарттарына карата да түшүндүрмөлөрдү жана (же) консультацияларды жана (же) башка маалыматтарды алуу максатында Ички соода объектилерине, Колдоо кызматына же Интернет-ресурска кайрылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондугун;

2.4.4. Он сегиз жашка толгондугун, мыйзамдуу жана анык маалыматтарды (анын ичинде жеке

маалыматтарды) пайдалануу менен, ушул Келишимде каралган иш-аракеттерди жеке өзү, өзүнүн

кызыкчылыгы үчүн жасоого өз милдеттенмесин билгендигин жана кабыл алгандыгын;

2.4.5. Товардын акысын банк картасы менен төлөгөн учурда (ушул Келишим түзүлгөн учурда) мындай төлөм Сатып алуучуга тиешелүү болгон банк картасы аркылуу гана жүргүзүлүүгө тийиш деген шартка макулдугун;

2.4.6. Ушул Келишимдин текстин толук окуп чыккандыгын, анын мазмунун түшүнгөндүгүн, ошону менен ал Сатуучу тарабынан белгиленген шарттарда ушул Келишимди түзүүнү өз алдынча чечкендигин.

## 3. Келишимди түзүүнүн жана анын шарттарын өзгөртүүнүн тартиби

3.1. Ушул Келишим Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 386-беренесине ылайык ачык келишим болуп саналат, ал төмөнкүлөрдү билдирет:

3.1.1. Товарлардын баасы жана Келишимдин башка шарттары Келишимди түзүү учурунда Сатуучу тарабынан бардык Сатып алуучулар үчүн бирдей, Келишим түзүүгө карата бир Сатып алуучунун алдында башкасына артыкчылык бербестен түзүлөт;

3.1.2. Келишимдин ушул бөлүмүндө баяндалган аракеттерди жасоо менен, Сатып алуучу муну менен шарттарына, алып салууларына, каршы пикирлерине эч кандай өзгөртүү киргизбестен ушул Келишимди түзөт.

3.2. Сатуучу Тараптар Келишим түзгөнгө чейин бул жөнүндө Сатып алуучуга маалымдоо менен Коомдук офертанын жана анын ажырагыс бөлүгү болгон Келишимдин шарттарын бир тараптуу өзгөртүүгө укуктуу.

Сатып алуучу, өз кезегинде, эгерде көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр Сатып алуучуга туура келбесе, Келишимди түзүүдөн баш тартууга укуктуу. Тараптар Келишим түзгөндөн кийин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы

мыйзамдарында белгиленген негиздер жана тартиптер менен ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилет.

3.3. Келишим түзүүдөн мурун Сатып алуучу Сатуучунун кызматкеринин талабы боюнча Сатып алуучунун чыныгы жашын аныктоо үчүн өз инсандыгын тастыктаган документтин түп нускасын көрсөтүүгө милдеттүү. Эгерде бул талап аткарылбаса, Сатуучунун кызматкери Сатып алуучуга Товарларды сатуудан баш тартат.

3.4. Келишим Сатып алуучу Акцептти жасаган учурдан тартып ага Сатып алуучу кошулуу менен тийиштүү түрдө түзүлгөн деп эсептелет.

## 4. Жалпы жоболор

4.1 Сатуучу ушуну менен Сатып алуучуну Сатуучу тарабынан сатууга сунушталган Товар стандартташтыруу боюнча техникалык регламенттердин жана ченемдик документтердин талаптарына ылайык келээрине ынандырат.

4.2. Тараптар Сатуучунун Ички соода объектилеринде жайгаштырылышы мүмкүн болгон бардык маалыматтык материалдар маалымдама үчүн гана экендигин жана Товардын касиеттери жана тышкы мүнөздөмөлөрү, анын ичинде түсү, өлчөмү жана формасы жөнүндө маалыматты толук бере албастыгын моюнга алышат. Товар жөнүндө толугураак жана актуалдуу маалымат түздөн-түз Сатып алуучуну кызыктырган Товардын маркировкасында жана (же) техникалык документтеринде камтылган. Эгерде Сатып алуучуда Товардын касиеттери жана мүнөздөмөлөрү боюнча суроолор пайда болсо, Товарды сатып алардан мурун Сатуучунун сатуучу-консультанттарына же Колдоо кызматына кайрылып, аны кызыктырган Товар жөнүндө маалымат, анын ичинде жеке презентация үчүн кайрылууга укуктуу.

4.3. Ушул Келишимдин шарттарын Акцепт кылуу менен Сатып алуучу Товар, ага төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө кызыктырган бардык маалыматтарды алганын, кошумча суроолор жок экендигин, бул Келишимдин шарттары түшүнүктүү экендигин жана Келишимге кошулуу менен анын шарттарын кабыл алгандыгын ырастайт.

4.4. Сатуучу сатууга Сатуучунун белгилүү бир Ички соода объектисинин кампасында сатуу учурунда жеткиликтүү болгон талаптагыдай сапаттагы Товарды гана сунуштайт. Товардын витриналарда көрсөтүлгөн жана тиешелүү түрдө маркаланган көргөзмө үлгүлөрү сатууга жатпайт. Ошентип, Сатып алуучу Сатуучунун Ички соода объектисинде болгон учурда, белгилүү бир мүнөздөмөлөргө ээ болгон Товардын же белгилүү бир моделдеги Товар жок болушу мүмкүн экендигине макул болот жана бул мыйзамдын жана ушул Келишимдин негизинде Сатып алуучунун укугун бузуу болуп эсептелбейт.

4.5. Ушул Келишимдин мурунку 4.4 пунктунун жоболорун эске алуу менен Тараптар Сатуучунун баалар прейскурантында көрсөтүлгөн белгилүү бир түрдөгү Товардын Сатуучунун кампасында кыска мөөнөткө жок болуу мүмкүнчүлүгүнө макул болушат. Мындай учурда Сатуучу мындай Товардын кампада болушун мүмкүн болушунча тез арада жеткиликтүү болуусу үчүн зарыл болгон күч-аракетти жумшоого, же Товардын ассортиментин жеткиликтүү

кылууга мүмкүн болбосо, Сатуучунун баалар прейскурантына тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө милдеттүү.

4.6. Товарга болгон менчик укугу жана аны менен байланышкан тобокелдиктер Товар үчүн төлөм жүргүзүлгөн учурда жана аны Сатып алуучуга өткөрүп берүү учурунда Сатуучудан Сатып алуучуга өтөт.

4.7. Товарга кегилдик берилет, анын шарттары Товардын түрүнө жараша Товарга тиркелген атайын документте көрсөтүлүшү мүмкүн. Кепилдиктин мөөнөтү жана шарттары ушундай атайын документте, ал эми ал жок болгон учурда Келишимдин шарттарына ылайык аныкталат. Эгерде Товардын кемчиликтери кепилдик мөөнөтүнүн ичинде аныкталса, Сатып алуучу мындай Товарды сатып алган (сатып алган жери) Сатуучунун Ички соода объектисине доомат менен кайрылат, эгерде Сатуучу тарабынан башкача жоболор каралган эмес болсо, ал жөнүндө Сатып алуучу Колдоо кызматына кайрылуу аркылуу биле алат.

4.8. Товардын түрүнө жараша, Сатуучунун Ички соода объектисинде сатылганга чейин Товардын иштөө жөндөмдүүлүгү текшерилиши мүмкүн. Бул үчүн Товардын түрүнө жараша, Товар таңгактан чыгарылып, буюмдун толуктугу, сапаты жана Товардын өзү текшерүүдөн өткөрүлөт. Тиешелүү Товардын түрүнө ылайык болсо, бардык компоненттердин иштөө жөндөмдүүлүгү текшерилет. Зарыл болсо, Товарды кантип колдонуу жол-жоболору дагы көрсөтүлөт.

## 5. Тараптардын укуктары жана милдеттери

### 5.1. Сатуучу төмөнкүлөргө милдеттенет:

5.1.1. Сатып алуучуга Келишимде көрсөтүлгөн тартипте жана шарттарда талаптагыдай сапаттагы Товарды өткөрүп берүүгө.

5.1.2. Тийиштүү түрдө сакталган жана ташылган шартта Товардын сакталышын камсыз кылуу менен ушундай Товарга ылайыктуу түрдө таңгакталган Товарды Сатып алуучуга өткөрүп берүүгө.

5.1.3. Товар менен бир убакта, Товардын түрүнө жараша, Сатып алуучуга Товардын керек-жарактарын, ошондой эле ага тиешелүү документтерди өткөрүп берүүгө.

5.1.4. Сатып алуучуга Товар жөнүндө керектүү жана так маалыматты өз убагында берүүгө. Эгерде Сатып алуучуда Товардын касиеттери жана мүнөздөмөлөрү боюнча суроолор пайда болсо, Келишим түзүүдөн мурун Сатып алуучу ушул Келишимдин 4.2-пунктунда каралган ыкмалардын бирин колдонуу менен Сатуучудан кеңеш алууга тийиш.

5.1.5. Сатып алуучуга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына, ошондой эле тиешелүү оферанын шарттарына (эгер колдонулса)ылайык товарды текшерүүгө, анын иштөө принциби менен таанышууга, ушул сыяктуу үлгүдөгү Товардын касиеттерин жана ыңгайлуулугун текшерүү мүмкүнчүлүгүн берүүгө.

5.1.6. Ушул Келишимдин шарттарына, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Сатып алуучунун талаптарын жана арыздарын кароо жана Сатып алуучунун негиздүү жана мыйзамдуу талаптарын канааттандыруу боюнча чараларды көрүү.

### 5.2. Сатуучу төмөнкүлөргө укуктуу:

5.2.1. Товардын таңгагы жок болгондо же анын товардык көрүнүшү жоголгондо, товардын сырттан бузулгандыгы аныкталганда, товардын белгилүү бир түрүндө жана товарды коштоочу же кепилдик документтеринде көрсөтүлгөн каттоо номери дал келбегенде, эгерде Товар пайдаланылып жаткан болсо жана пайдалануу белгилери бар болсо, сатып алуучуда товарды сатуучудан сатып алгандыгы жөнүндө далилдер жок болсо, сатып алуучунун тиешелүү

сапаттагы товарды кайтарып берүү, алмашуу боюнча талабын (дооматын) канааттандыруудан баш тартууга. Сатып алуучу талаптагыдай сапаттагы Товарды алмаштырганда же кайтарып бергенде, Сатуучу Сатып алуучудан Сатып алуучудан талаптагыдай сапаттагы Товарды алмаштырууну же кайтарууну уюштуруу үчүн тарткан чыгымдарынын ордун толтурууну талап кылууга укуктуу.

5.2.2. Эгерде Сатып алуучу Келишимди бузуу менен Товарды кабыл алуудан жана/же төлөөдөн баш тартса, анын тандоосу боюнча Товар үчүн төлөмдү талап кылууга же Келишимди аткаруудан баш тартууга.

5.2.3. Акцепт учуруна чейин Товарлардын баасын бир тараптуу өзгөртүүгө.

**5.3 Сатып алуучу төмөнкүлөргө милдеттүү:**

5.3.1. Товардын наркын прейскурантта көрсөтүлгөн баалар боюнча төлөөгө

5.3.2. Сатып алууда талап кылынган Товардын так аталышын, талап кылынган Товарды (модел, түс, аткаруу варианты ж.б.) так аныктоо үчүн зарыл болгон бардык маалыматтарды билдирүүгө.

5.3.3. Сатуу тариздөө учурунда, өзүңүз жөнүндө ишенимдүү жана жетиштүү маалымат берүүгө.

**5.4. Сатып алуучу төмөнкүлөргө укуктуу:**

5.4.1. Бул Келишимде белгиленген тартипте Товар жөнүндө маалыматты алууга.

5.4.2. Коопсуздук талаптарына жооп берген Товарды алууга.

5.4.3. Тийиштүү сапаттагы Товарды сатып алууга.

5.4.4. Тийиштүү жана туура эмес сапаттагы Товарды алмаштырууга же кайтарууга. Тийиштүү сапаттагы Товарды алмаштыруу же кайтаруу Келишимдин шарттары менен жөнгө салынат

5.4.5. Сатуучудан Товарды сатып алуу фактысын тастыктаган документти алууга.

5.4.6. Сатуучу тарабынан жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында мындай текшерүү каралган Товарлардын түрлөрүнө карата аларды сатуучунун ички соода объектилеринен сатып алуудан мурда товарлардын сапатын текшерүүгө.

5.4.7. Сатуучу тарабынан аныкталган кошумча жеңилдиктерди алуу үчүн IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionтутумунун он сегиз жаштан жогору болгон колдонуучуларынын маалымат базасына катталууга.

## 6. Баасы жана төлөө тартиби

6.1. Түзмөктөрдүн баасы прейскурантта (ушул Келишимдин №4 тиркемесинде), ошондой эле төлөм документтеринде сом менен көрсөтүлгөн. Продукциянын баасы кошумча нарк салыгы менен көрсөтүлөт.

6.2. Сатыла элек Түзмөктөрдүн баасы Сатуучу тарабынан бир тараптуу тартипте Сатуучунун прейскурантына өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен өзгөртүлүшү мүмкүн

6.3. Товарлар үчүн төлөм төмөнкү жолдор менен жүргүзүлүшү мүмкүн:

-накталай төлөм менен;

-Сатып алуучуга тиешелүү банктык төлөм картасын колдонуу менен.

6.4. Сатуучу Сатуучунун буйругу менен белгиленген атайын сунуштарды колдонууга укуктуу, алар жөнүндө маалымат Сатуучунун ички соода объектисинде Сатып алуучуга жеткиликтүү. Ошол эле учурда, Товарга карата атайын сунуштарды колдонуунун негизги шарттары болуп төмөнкүлөр саналат:

(а) Сатып алуучуну IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionтутумунун жеке маалыматтарды топтоого жана иштеп чыгууга макулдуктун белгиленген формасынын негизинде жүзөгө ашырылуучу он сегиз жаштан жогору болгон колдонуучуларынын маалымат базасына каттоого;

Сатуучу тарабынан аныкталган кошумча жеңилдиктерди алуу үчүн IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionтутумунун он сегиз жаштан жогору болгон колдонуучуларынын маалымат базасына катталууга

(в) Сатып алуучуга Товар жөнүндө жеке презентацияны (анын ичинде үлгүсүн көрсөтүүнү) өткөрүү.

6.5. «КАТТОО БААСЫ»

a. IQOS жана lil Колдонуучулардын маалымат базасында (мындан ары - "Маалыматтар базасы") 18 жашка толгон же андан улуу тамеки продукцияларын сатып алуучу-керектөөчүсүн (мындан ары - Сатып алуучу) каттоодо Сатып алуучуга биринчи эки IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition түзмөгүн каттоо баасы боюнча тандап сатып алуу мүмкүнчүлүгү берилген:
   - 2 каалаган IQOS ILUMA (IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition) индукциялык түзмөгүн кадимки баанын ордуна каттоо баасы боюнча
b. Сатып алуучу бул программа боюнча эки түзмөктү расмий IQOS дүкөндөрүнөн (мындан ары - Дүкөндөр) же Бишкек шаарындагы жеке сатуучулардан-консультанттардан сатып алса болот.
c. Сатып алуучу маалымат базасына катталган айдын биринчи күнүнөн тартып алты айдын ичинде каттоо баасы боюнча түзмөктөрдү сатып ала алат (демек, эгерде Сатып алуучу 2024-жылдын 1-мартында катталган болсо, анда ал 2024-жылдын 1-мартынан тартып 31-августуна чейин алты айдын ичинде өзүнүн биринчи түзмөгүн каттоо баасы боюнча сатып ала алат).

Каттоо баасы боюнча сатып алуу шарттары:

a. Сатып алуучу маалымат базасына төмөнкү жолдор менен каттала алат:
   - Дүкөндөгү сатуучу-консультанттын жардамы менен;
   - жеке сатуучу-консультанттын жардамы менен;
   - iqos.com сайтында өз алдынча.
b. Жогорудагы 2.2.1 жана 2.2.2 пункттарында көрсөтүлгөн бардык шарттар сакталганда, түзмөктү сатып алып жатканда арзандатуу кассада автоматтык түрдө колдонулат.

КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ! «КАТТОО БААСЫ» программасы боюнча баасы IQOS дүкөндөрүндөгү башка баалар менен суммаланган эмес.

6.6. «АТАЙЫН БАА»

Программага катышууга кызыккан Керектөөчү IQOS дүкөнүнө же жеке сатуучу-консультантка кайрыла алат. Программанын алкагында «Forester» («Форестер») ЖЧКсы IQOS дүкөнүнөн же жеке сатуучу-консультанттан сатып алган ар бир Керектөөчүгө «Forester» («Форестер») ЖЧКсынан маалыматты милдеттүү түрдө алган шартта, потенциалдуу сатылып алынган түзмөк жөнүндө жана анын демонстрациясы менен, ошондой эле көмүртек кычкылынын деңгээлин аныктоочу тесттен же кебез менен тесттен бир жолу өткөндө, Керектөөчүнүн тандоосуна карап төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдүн бирин сунуштайт:

- IIQOS - 1 маалыматтар базасында мурда катталбаган Сатып алуучулар үчүн каалаган IQOS ILUMA (IQOS ILUMA (IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition) индукциялык түзмөгүнө кадимки баанын ордуна атайын баада.

- IQOS/lil маалыматтар базасында мурда катталган Сатып алуучулар үчүн IQOS ILUMA (IQOS ILUMA (IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition) индукциялык түзмөгүнө кадимки баанын ордуна атайын баада.

Программанын алкагында Жаңы түзмөктү сатып алууда «Forester» ЖЧКсы («Форестер») Түзмөктү Керектөөчүнүн атынан аны Маалыматтар базасына (түзмөктү байланыштыруу үчүн) каттайт.

Керектөөчүгө бул Программанын шарттарын, анын ичинде Интернетте (социалдык тармактарга, форумдарга, топторго, блогдорго) жайгаштырууга уруксат берилбейт.

КӨҢҮЛ БУРУҢУЗ! «АТАЙЫН БАА» программасынын баасын IQOSтун башка дүкөндөрүндөгү же жеке сатуучу-консультанттардагы башка баалар менен суммалоого болбойт.

## 7. Тараптардын жоопкерчилиги

7.1. Сатуучу Сатып алуучунун же Сатып алуучу тигил же бул себептерден улам Товарды өткөрүп берген үчүнчү жактын Товарды туура эмес пайдалануусунун натыйжасында Сатып алуучуга жана/же үчүнчү жактарга келтирилген зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт. Тараптар ушул Келишим боюнча Сатуучунун жоопкерчилиги реалдуу зыян менен чектелет жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте далилденүүгө тийиш деп макулдашышты.

7.2. Тараптар өз ара милдеттенмелерди аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо сыяктуу зыян келтирүү менен шартталган алынбаган кирешенин ордун толтуруу түрүндө бири-биринин алдындагы жоопкерчиликтен бошотулат.

7.3. Эгерде Товар үчүн төлөм Сатып алуучуга таандык болбогон банктык төлөм картасы аркылуу жүргүзүлсө, Сатуучу Сатып алуучунун алдында да, үчүнчү жактардын алдында да жоопкерчилик тартпайт.

7.4. Тараптар Кыргыз Республикасынын «Керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Кыргыз Республикасынын ички соодасы жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык ушул Келишим боюнча милдеттенмелердин аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартышат.

7.5. Тараптар өз милдеттенмелерин толук же жарым-жартылай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат, эгерде аткарбоо согуш же согуш аракеттери, жер титирөө, суу

ташкыны, өрт жана башка табигый кырсыктар, мамлекеттик бийлик органдарынын актылары же аракеттери, ушул Келишимди түзгөндөн кийин Тараптардын эркине карабастан келип чыккан бажылык эрежелердин өзгөрүүсү, ишмердикке, импортко жана (же) экспортко болгон чектөөлөр сыяктуу каршы тура алгыс мүнөздөгү жагдайлардын натыйжасында келип чыкса. Милдеттенмелерин аткара албаган Тарап бул жөнүндө экинчи Тарапка токтоосуз билдирет жана ыйгарым укуктуу органдар же уюмдар тарабынан берилген мындай жагдайлардын бар экендигин тастыктаган документтерди көрсөтөт.

## 8. Кепилдик учуру пайда болгондоТүзмөктөрдү алмаштыруу

8.1. Эгерде Сатып алуучуга Түзмөк сатылган болсо, аны иштетүү учурунда Сатып алуучу Түзмөктүн кемчиликтерин Түзмөктү саткан күндөн тартып бир жылга чейинки мөөнөттүн ичинде (кепилдик мөөнөтү) өндүрүүчүнүн күнөөсү аркасында пайда болгон болсо, Түзмөктүн кепилдик документтеринде башка мөөнөт белгиленет жана эгерде мындай кемчиликтер кепилдик болуп саналса, Сатып алуучу кепилдик менен камсыздалган мындай Түзмөктү алмаштырууга/оңдоого укуктуу.

8.2. Түзмөктөрдүн айрым түрлөрү үчүн кепилдик жана кепилдик жок учурлардын тизмеси ушул Келишимдин №1 Тиркемесинде белгиленген.

8.3. Кепилдик болгон учурда Түзмөктөрдү алмаштыруу белгиленген форма боюнча Сатып алуучунун арызы аркылуу жүргүзүлөт (ушул Келишимге №2 Тиркеме). Эгерде Сатуучуда алмаштыруу үчүн талап кылынган ошол эле үлгүдөгү Түзмөк жок болсо, Сатуучу Түзмөктү алмаштыруу үчүн башка моделдеги, артикулдагы Түзмөктү берүүгө укуктуу.

8.4. Ушул Келишимдин 8.1-пунктунда белгиленген кепилдиктен тышкары, Түзмөктөрдүн айрым түрлөрү үчүн Сатуучу Түзмөктү алмаштыруу үчүн буйрук аркылуу кошумча өзгөчө шарттарды белгилөөгө укуктуу.

## 9. Товарларды кайтаруу жана алмаштыруу

9.1. Түзмөктү Сатуучуга кайтаруу же Сатуучу тиешелүү сапаттагы Түзмөктү башка түстөгү окшош Түзмөккө алмаштыруу ж.б. Сатып алуучу Сатуучудан мындай Түзмөктү сатып алган күндөн тартып он төрт календардык күндүн ичинде эгерде ал колдонулбаган болсо, анын товардык көрүнүшү сакталган болсо, колдонуу касиеттери, пломбалары, этикеткалары сакталып жана ошондой эле Сатып алуучунун Сатуучуга мындай Түзмөктүн наркын төлөгөндүгүн тастыктаган төлөм документи бар болгон учурда Түзмөктү кайтарып берүүнү же алмаштырууну талап кылууга мүмкүн.

9.1.1. Тиешелүү сапаттагы Түзмөктү кайтарып берүү учурунда товардык көрүнүшү, толуктугу жана Түзмөктө колдонуу издеринин жоктугу визуалдык түрдө текшерилет, ошондой эле колдонулган Түзмөктү коштогон өзгөчө жыты текшерилет.

9.1.2. Келишимдин 9.1-пунктунун максаттарына ылайык Түзмөктүн тиешелүү сапаттагы товардык көрүнүшү, эгерде төмөнкү шарттар бир эле учурда аткарылса, сакталды деп эсептелет:

- -Түзмөктүн сыртына эч кандай зыян келтирилбесе;
- - иштеп жаткан заряддагычтын, кармагычтын,кубаттандыргыч блогу, USB кабелинин болуусу;
- - заряддоочу түзүлүштүн, кармагычтын, кабелдин, кубаттандыргыч блогунун беттеринде эч кандай чийик же башка бузулган жери жок болсо. Таңгактын бузулушу жок (коробканын пластик пленкасынан башкасы) болсо;
- - кармагычта жана заряддагычта, кармагычтын (ысытуу элементинде) тамеки бөлүкчөлөрүнүн жана тамеки жытынын жоктугу;
- - тазалоочу түзүлүштө тамеки бөлүкчөлөрүнүн жана тамекинин жытынын жоктугу,

ошондой эле анын толуктугу

- -корбканын таңгагы бир аз бузулушу мүмкүн деп кабыл алынат, тактап айтканда, коробканын таңгагынын пленкасы жок болушу мүмкүн;
- заряддоочу түзүлүштөгү чаптама, кубаттандыргыч блогундагы коргоочу пленка жана USB кабелиндеги бекитүүчү шакек бар болуусу керек;
- эгерде Товардын сериялык номери сакталса;
- заряддоочу түзмөк жана кармагыч үчүн пластикалык подставка, колдонуучунун нускамасы жана үч тилде жазылган кепилдик болушу керек.

9.1.3. Сатып алуучуга тиешелүү сапаттагы Түзмөктү кайтарып берүү же алмаштыруу Сатып алуучунун белгиленген формадагы (ушул Келишимге №2 Тиркеме) арызы боюнча тиешелүү сапаттагы Түзмөктү кайтарып берүү же алмаштыруу иш жүзөгө ашырылат.

9.2. Сатып алуучуга сапатсыз Түзмөктү кайтарып берүү же алмаштыруу Сатып алуучунун белгиленген формадагы (ушул Келишимге №2 Тиркеме) кайтарып берүү же алмаштыруу жөнүндөгү арызы боюнча төмөнкү шарттарда иш жүзөгө ашырылат:

9.2.1. Сапатсыз Түзмөккө карата Сатып алуучу өз каалоосу боюнча мындай Түзмөктү алмаштырууну же кайтарып берүүнү талап кылууга же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка укуктарды ишке ашырууга укуктуу.

9.2.2. Сапатсыз Түзмөктү кайтарып берүү же алмаштыруу Сатып алуучу тарабынан, анын товардык көрүнүшүнүн сакталышына карабастан, бирок Товардын толуктугу сакталган жана анын сериялык номери Сатуучунун маалыматтарына дал келген шартта жүргүзүлөт.

9.2.3. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Сатып алуучунун башка укуктары белгиленбесе, Сатып алуучунун өтүнүчү боюнча сапатсыз Түзмөктү жаңысына, окшош болгонуна же башка Түзмөккө алмаштырылат.

9.2.4. Сапатсыз Түзмөктү алмаштыруу/алмашуу/кайтаруу максатында Сатып алуучу Сатуучуга сапатсыз Түзмөктү, ошондой эле мындай Түзмөктү төлөө жана сатып алуу фактысын ырастоочу документти берүүгө тийиш.

9.3. Эгерде Келишимдин 9.1 жана 9.2-пункттарынын негизинде Түзмөк алмашылса/алмаштыруу жүргүзүлсө, Сатып алуучу мындай Түзмөктү сатып алган Сатуучунун ички соода объектисинде (сатып алган жерине) алмаштыруу үчүн өтүнүч менен кайрылат, эгерде Сатуучу тарабынан кошумча башка тартип аныкталбаса Сатып алуучу ал жөнүндө Колдоо кызматына кайрылуу аркылуу биле алат.

9.4. Сатуучунун ички соода объекттеринде мурда сатылып алынган Түзмөктү кайтаруу жана ага төлөнгөн акча каражаттарын кайра алуу сатуучунун ички соода объектисинде (сатып алуу жеринде) накталай акча каражаттарын берүү жолу менен иш жүзөгө ашырылат, эгерде Түзмөктү сатып алган күнү эле кайтарса же Товарга акча каражатты сатып алуучунун банктык картасына байланган банктагы карталык эсептен которуу жолу менен иш жүзөгө ашырылса. Мындай кайтаруу, эгерде Түзмөктөр сатып алынган күндөн кийинки күнү кайтарылса, арыз келип түшкөн күндөн тартып 10 жумушчу күндүн ичинде жүргүзүлөт.

9.5. Эгерде Түзмөктү алмашуу, алмаштыруу же кайтаруу зарыл болсо жана Сатып алуучу Сатуучунун ички соода Объектисине бара албаса, Сатып алуучу алмашуунун, алмаштыруунун же Түзмөктү кайтарууну себептерин тактоо үчүн, Товардын абалын диагностикалоо жана Товарды курьердик кызмат аркылуу алмашуу, алмаштыруу же кайтаруу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн Колдоо кызматына кайрылуусу керек. Товарды алмашуунун, алмаштыруунун же кайтаруунун бул ыкмасы Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шаарлары үчүн колдонулбайт. Ал үчүн Сатып алуучу Сатуучунун ички соода объектилерине (сатып алган жерине) кайрылууга тийиш.

## 10. Корутунду жоболор

10.1. Сатып алуучу менен Сатуучунун ортосундагы мамилелерге Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жоболору колдонулат. Келишим Сатуучу тарабынан Сатып алуучуга билдирбестен бир тараптуу түрдө өзгөртүлүшү мүмкүн. Келишимдин жаңы редакциясы ал жактырылган жана Сатып алуучунун кароосуна Сатуучунун ички соода объектилеринде жеткиликтүү болгон күндөн тартып күчүнө кирет

**№1 Тиркеме**
**Чекене сатып алуу-сатуу**
**коомдук келишимине**
**ички соода обьектилеринде**

**«Forester» («Форестер») ЖЧКсы**
**Диагностикалык карта**
Товар үчүн кепилдик жана кепилдик жок учурлар –
IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition, IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы

1) **Кепилдик берилбеген учурлар:**

| | **Кармагычтын бузулушу** |
|---|---|
| C004 | Кармагычтын же заряддагычтын заряддоочу контакттары бузулган |
| C022 | Кармагычтын корпусунун арткы \ортоңку бөлүгү бузулган |
| C025 | Механикалык таасирден улам кармагычтагы боёк сыйрылып кеткен |
| C027 | Кармагычтын баскычы бузулган |
| C028 | Ашыкча ысып кетүүдөн улам кармагычтын бузулушу (тышкы температуранын таасири) |
| C036 | Физикалык таасирден улам кармагычтын бузулушу |
| C040 | Кармагычтагы шакек бузулган |
| C041 | Кармагычта шакек жок |
| C042 | Ысытуу системасы бузулган |
| **Чөнтөк заряддоо түзүлүшүнүн бузулушу** | |
| C004 | Кармагычтын же заряддагычтын заряддоочу контакттары бузулган |
| C010 | USB кабелдик туташтыргычы бузулган |
| C023 | Кубаттоо түзүлүшүнүн каптамы бузулган |
| C025 | Кубаттоо түзүлүшүнүн боёгу сыйрылып кеткен |
| C027 | Кубаттоо түзүлүшүнүн баскычтары бузулган |
| C028 | Ашыкча ысып кетүүдөн улам кубаттоо түзүлүшүнүн бузулушу (тышкы температуранын таасири) |
| C029 | Кубаттоо түзүлүшүнүн капталындагы каптамы бузулган |
| C030 | Кубаттоо түзүлүшүнүн капталындагы панели бузулган |
| C036 | Физикалык таасирден улам кубаттоо түзүлүшүнүн бузулушу |
| C043 | IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition үстү бузулган |
| **Аксессуарлардын бузулушу** | |
| C011 | Кубат булагынын бузулушу |
| C012 | USB кабелинин бузулушу |
| **Башкалар** | |
| C999 | Ката коду, ката дарагында көрсөтүлбөгөн ката коду, сатуучунун жана/же өндүрүүчүнүн сунуштарына ылайык эмес, эгерде бузулуу товардын эксплуатациясынан келип чыкса. |

**2) Кепилдик учурлар:**

| | |
|---|---|
| A054 | Ысытуу автоматтык түрдө башталбайт |
| B004 | Тамеки стигин колдонуу сеансынын узактыгы 6 мүнөттөн аз |
| B006 | Кармагычтын заряддагычынын индикатору кубаттоо түзүлүшүндө жанбайт |
| B008 | Заряддоо түзүлүшүн заряддоо индикатору жанбайт |
| B010 | Заряддоо түзүлүшүн заряддоо индикатору жанат/кызыл түстө жанып өчөт |
| B032 | Заряддоочу түзүлүш кармагычты 20 жолудан аз заряддайт |
| B034 | Заряддоо түзүлүшү заряддалбай жатат |
| B037 | Дирилдөө жок |
| B038 | Заряддоо түзүлүшүн заряддоо индикатору кызыл түстө жанып өчөт |
| B041 | Кармагычтын индикатору иштебейт |
| B042 | Кармагычтын индикатору жанып/ кызыл түстө жанып өчүп турат |
| B043 | Кармагычтын батареясынын кубаттуулугу төмөн |
| B049 | Кармагыч эки жолу жанып өчөт |
| B067 | Баскычты баскандан кийин ысытуу башталбайт |
| B999 | Кайсы элемент бузулганын аныктоо мүмкүн эмес: Кармагыч же зарядоо түзүлүшү |

**Диагностикалык карта**

Товар үчүн кепилдик жана кепилдик жок учурлар –

IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы

**Кепилдик берилбеген учурлар:**

| | |
|---|---|
| C010 | USB кабелдик туташтыргычы бузулган |
| C022 | Кармагычтын корпусунун арткы \ортоңку бөлүгү бузулган |
| C025 | Боёгу сыйрылып кеткен |
| C026 | Капкагы бузулган |
| C027 | Баскычы бузулган |
| C028 | Ашыкча ысып кетүүдөн улам бузулушу (тышкы температуранын таасири) |
| C036 | Физикалык таасирден улам бузулушу |
| C042 | Ысытуу системасы бузулган |
| C044 | Капталма бузулган |
| **Аксессуарлардын бузулушу** | |
| C011 | Кубат булагынын бузулушу |
| C012 | USB кабелинин бузулушу |
| **Башкалар** | |
| C999 | Ката коду, ката дарагында көрсөтүлбөгөн ката коду, сатуучунун жана/же өндүрүүчүнүн сунуштарына ылайык эмес, эгерде бузулуу товардын эксплуатациясынан келип чыкса. |

**2) Кепилдик учурлар:**

| | |
|---|---|
| B004 | Тамеки стигин колдонуу сеансынын узактыгы 6 мүнөттөн аз |
| B008 | Индикатор иштебейт |
| B034 | Түзмөк заряддалбай жатат |
| B037 | Дирилдөө жок |
| B038 | Түзүлүштүн заряддоо индикатору кызыл түстө жанып өчөт |
| B043 | Түзүлүштүн кубаттуулугу төмөн |
| B049 | Индикатор эки жолу жанып өчөт |
| B064 | Түзүлүштүн толук заряды 20 сеанска жетпейт |
| B067 | Баскычты баскандан кийин ысытуу башталбайт |
| B999 | Аныктоо мүмкүн эмес |

**«Forester» («Форестер») ЖЧКсы**

**№2 Тиркеме**
**Чекене сатып алуу-сатуу**
**коомдук келишимине**
**ички соода обьектилеринде**

«Forester» («Форестер») ЖЧКсы

**Товарды алмашуу/алмаштыруу акты**

Товарды алмашуу/алмаштыруу жүргүзүлгөн шаары жана орду

_______________________________________

Датасы

Бул акт төмөнкүлөрдүн ортосунда түзүлдү:

Толук аты-жөнү жана ID картасы ________________________________________________, мындан ары "Сатып алуучу" деп аталат, бир жагынан, жана «Forester» ЖЧКсы («Форестер»), мындан ары " Сатуучу " деп аталат, экинчи жагынан, ушуну менен

1. Сатып алуучу сатуучуга товарды кайтарып берди, ал эми Сатуучу Сатып алуучудан төмөнкү товарды кабыл алды

| Түзмөктүн модели | Түзмөктүн индентификациондук номери | | Түсү |
|---|---|---|---|
| ☐ IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition<br>☐ IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition | Кармагыч | | |
| | Заряддагыч түзмөк | | |
| ☐ IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition | | | |

2. Сатуучу кабыл алынган товардын ордуна Сатып алуучуга берди, ал эми Сатып алуучу Сатуучудан төмөнкү товарды кабыл алды:

| Түзмөктүн модели | Түзмөктүн индентификациондук номери | | Түсү |
|---|---|---|---|
| ☐ IQOS ILUMA x Steve Aoki 10 Year Edition<br>☐ IQOS ILUMA PRIME x Steve Aoki 10 Year Edition | Кармагыч | | |
| | Заряддагыч түзмөк | | |
| ☐ IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Edition | | | |

3. Товарды алмашуу/алмаштыруу себеби

| Товарды алмашуу/алмаштыруу себеби | Товарды алмашуунун/алмаштыруунун себебин көрсөтүү |
|---|---|
| ☐ Товарды 14 күндүн ичинде алмашуу<br>☐ Алмаштыруу кепилдиги<br>☐ Башка | |

Сатып алуучу

Сатуучу

| | | | |
|---|---|---|---|
| ________________ | ________________ | ________________ | ________________ |
| Колу | Чечмелениши | Колу | Чечмелениши |

**№ 3 Тиркеме**
**Ички соода объектилеринде**
**чекене сатып алуу-сатуу**
**коомдук келишимине**

«Forester» («Форестер») ЖЧКсы

**Товарды кайтаруу актысы**

Бишкек ш., «__»__________20__ж.

Бул акт төмөнкүлөрдүн ортосунда түзүлдү:
________________________________________________________________________(Аты-жөнү)
Өздүгүн тастыктоочу документ/паспорттун №_________________ берилген күнү жана берген орган,
Каттоо дареги________________________________________________________________________
________________________________________________________________________________
,
мындан ары "Сатып алуучу" деп аталуучу, бир тараптан жана
экинчи тараптан "Сатуучу" деп аталуучу «Forester» («Форестер») ЖЧКсы ортосунда

1. Сатып алуучу сатуучуга товарды кайтарып берди, ал эми Сатуучу Сатып алуучудан төмөнкү товарды кабыл алды:

| **Товардын аталышы, артикулу** | **Товардын идентификациялык номери** | **Товардын түп нуска таңгагынын идентификациялык номери** |
|---|---|---|
| | | |

Товарды сатып алган жер:
________________________________________________________________________________

Товарды сатып алган күнү: «__» _____________20___жыл.

Товарды кайтаруу себеби:
________________________________________________________________________________

Сатып алуучу:

Аты-жөнү ___________________________________
___________________________________

Колу: ______________________________
______________________________

«Forester» («Форестер») ЖЧКсы

Аты-жөнү

Колу: ______________________________

2. Коомдук офертанын колдонуу мөөнөтүнүн ичинде чекене соода түйүндөрүндө каталогго төмөнкү жаңы товарларды киргизүү:

| № | Аталышы | Баасы |
|---|---|---|
| 1 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-көк | Толук баасы<br>11,600 сом |
| 2 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-көк | Каттоодон өткөндөн кийинки баа<br>10,300 сом |
| 3 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-көк | Атайын баа<br>9,700 сом |
| 4 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-жашыл | Толук баасы<br>6,000 сом |
| 5 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-жашыл | Каттоодон өткөндөн кийинки баа<br>5,200 сом |
| 6 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-жашыл | Атайын баа<br>4,900 сом |
| 7 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-сары | Толук баасы<br>3,800 сом |
| 8 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-сары | Каттоодон өткөндөн кийинки баа<br>3,200 сом |
| 9 | IQOS ILUMA ONE x Steve Aoki 10 Year Editionэлектр тамеки ысытуу системасы, карамтыл-сары | Атайын баа<br>3,000 сом |
| 10 | IQOS ILUMA X STEVE AOKI 10 YEAR EDITION үчүн панель, Жаркыраган бирюза | 1,200 сом |
| 11 | IQOS ILUMA X STEVE AOKI 10 YEAR EDITION үчүн панель, Жаркыраган кызгылтым | 1,200 сом |

| | | |
|---|---|---|
| 12 | IQOS ILUMA PRIME X STEVE AOKI 10 YEAR EDITION үчүн алынуучу капкак, кара-кызгылтым | 2,000 сом |
| 13 | IQOS ILUMA PRIME X STEVE AOKI 10 YEAR EDITION үчүн алынуучу капкак, жаркыраган бирюза | 2,000 сом |
| 14 | IQOS ILUMA ONE X STEVE AOKI 10 YEAR EDITION үчүн коолдоочу каптама, жаркыраган бирюза | 500 сом |
| 15 | IQOS ILUMA ONE X STEVE AOKI 10 YEAR EDITION үчүн коолдоочу каптама, жаркыраган кара-кызгылтым | 500 сом |
| 16 | IQOS ILUMA X STEVE AOKI 10 YEAR EDITION үчүн чечилме шакек топтому | 1,500 сом |

3. Иш чара өткөрүлүүчү жер: «Forester» (Форестер) ЖЧКсынын чекене соода объектилери.

4. Иш чаранын шарттары каалаган убакта «Forester» (Форестер) ЖЧКсынын чечими менен эскертүүсүз өзгөртүлүшү же токтотулушу мүмкүн.

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ

Подписал Черепов Александр

Идентификатор пользователя 1052